Аккредитациялык кеңеш тарабынан каралды
Протокол №9 2024-жылдын 4-июлу
Бекитемин
Агенттиктин директору И.З.
Бостонова

# АККРЕДИТАЦИЯЛОО ЖӨНҮНДӨ АРЫЗГА ЖАНА ТИРКЕЛГЕН ДОКУМЕНТТЕРГЕ ТАЛАПТАР

Талаптар жана анкета формасы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 15-майындагы №246 «Билим берүү тармагындагы аккредитациялоо боюнча ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө» токтомуна ылайык иштелип чыккан.

Аккредитациялоону жүргүзүү үчүн билим берүү уюму агенттикке юридикалык жак катары мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүктүн, билим берүү ишин жүргүзүүгө уруксаттын (лицензиялардын) көчүрмөсүн, билим берүү уюмунун кыскача мүнөздөмөсүн, өзүн-өзү баалоо (эгерде бар болсо) материалдарын тиркөө менен аккредитациялоо жөнүндө арыз берет. Арызды электрондук түрдө "Сапаттуу Билим" агенттигинин сайтында да тапшырса болот. ((https://sapatbilim.kg/documents-agency/

Аккредитацияга арыз акыркы аккредитациянын мөөнөтү аяктаганга чейин 3 айдан кем эмес берилиши керек.

**Агенттиктин арыз жана документтерди алдын ала кароо тартиби:**

**1.Текшерүү мөөнөтү:** Агенттик арыз менен документтер катталган күндөн тартып **10 иш күнү** ичинде текшерүү жүргүзөт.

**2. Текшерүүнүн максаты:**

- Аккредитация суроосу ушул Агенттиктин ыйгарым укуктарына туура келерин аныктоо;
- Аккредитацияга көрсөтүлгөн бардык билим берүү программалары боюнча лицензиялардын бар-жогун текшерүү;
- Арыз менен документтердин туура жана толук таризделишин жана толтурулушун кароо.

**3. Эгерде документтер толук эмес же туура эмес толтурулган болсо:**

- Агенттик **10 иш күнү** ичинде билим берүү уюмуна же анын ыйгарым укуктуу өкүлүнө төмөнкүлөр камтылган **билдирүү жөнөтөт же тапшырат**:
    - жетишпеген документтердин тизмеси;
    - туура эмес таризделген же толтурулган документтер тууралуу маалымат.
- Эгерде билим берүү уюму **2 ай** ичинде билдирүү алынган күндөн тартып кемчиликтерди жойбосо — Агенттик арыз менен документтерди карап чыгууга **баш тартат**.

**4. Эгерде бардык документтер толук жана туура берилсе:**

- Арыз жана документтер **маңызын кароого кабыл алынат**;
- Маңызын кароого кабыл алынган күндөн тартып **10 иш күнү** ичинде Агенттик билим берүү уюмуна **билдирүү жөнөтөт же тапшырат**.

**Тиркелүүчү документтердин тизмеси:**

1. Арыз (1-тиркеме);
2. Юридикалык жак катары мамлекеттик каттоодон (кайра каттоодон) өткөндүгү жөнүндө күбөлүктүн көчүрмөсү;
3. Юридикалык жактын Уставынын көчүрмөсү;
4. Лицензиялардын көчүрмөлөрү;
5. Окуу пландарынын көчүрмөлөрү;
6. Тапшырылган документтердин тизмеси (опись).

**1- тиркеме**

**"Сапаттуу билим"**
**билим берүү уюмдарын жана программаларын**
**аккредитациялоо агенттигинин директору**
**П.З.Бостоновага**

**АККРЕДИТАЦИЯ АЛУУ ҮЧҮН АРЫЗ**

Биз, төмөндө кол койгон,___________________________________________________
**(билим берүү уюмунун толук аталышы),**
катталган дареги: **(уюмдун юридикалык дареги)**__________________________________
окуу ишмердүүлүгү боюнча лицензия № **(лицензиянын номери, берилген датасы)**
негизинде,___________________________________________________________________
мындан ары **Билим берүү уюму,**_____________________________________________
Сиздерге төмөндөгүдөй билим берүү программалары боюнча аккредитация алуу үчүн арыз менен кайрылабыз:

## 1. Аккредитацияга сунушталган билим берүү программаларынын тизмеси:

| **№** | **Билим берүү программаларынын (багыттарынын) толук аталышы** | **Билим берүү программаларынын (багыттарынын) шифрлары** |
|---|---|---|
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |

## 2. Арызга тиркелген документтер:

1. Юридикалык жакты каттоо (кайра каттоо) жөнүндө күбөлүктүн көчүрмөсү;
2. Юридикалык жактын Уставынын көчүрмөсү;
3. Билим берүү ишмердүүлүгүнө болгон лицензиялардын көчүрмөлөрү;
4. Ар бир билим берүү программасына тиешелүү окуу пландарынын көчүрмөлөрү;
5. Тапшырылган документтердин тизмеси.

Сураныч, ушул арыз жана ага тиркелген документтерди кароо жана белгиленген тартипте аккредитация өткөрүү чечимин кабыл алууңуздарды өтүнөбүз.

**Контакт маалыматтар:**
Тел.: ___________
Email: ___________
Байланыштуу жооптуу адам: ___________

Арыз берилген дата: «        » ___________ **25** ж.

Ишеним менен,
***(жетекчинин аты-жөнү)***
***(кызматы)***
**(колу)**
**(уюмдун мөөрү)**